Жаштык бул - ЖИГЕР!

# НУР

Студенттердин коомдук-маданий гезити • @oshsu.kg • www.oshsu.kg

№09 (239) 2025-жыл, декабрь • Гезит 1992-жылдан бери чыгат • oshmu.nur@mail.ru

## ОШМУ 2025-ЖЫЛЫ КАНДАЙ ИШТЕРДИ ЖАСАДЫ?




2-3-бет




Ойлогон ойлор шыр болсун.
Шаң, күлкү дүйнө ыр болсун.
Мээнеттин берип үзүрүн,
Ушул жыл куттуу жыл болсун!

# ЖАҢЫ ЖЫЛЫҢ МЕНЕН, ОшМУ!



# ОшМУ 2025-жылы кандай иштерди жасады?

Президент Садыр Жапаровдун жарлыгынын негизинде Ош мамлекеттик университетине өзгөчө макам берилген.

Бул макам окуу жайга башкарууда, каржылоодо жана окуу процессинде кеңири автономия берди. Университет өзүнүн ички түзүмүн, кадр саясатын, окуу программаларын жана финансылык иштерин өз алдынча жүргүзүү мүмкүнчүлүгүнө ээ болду.

Өзгөчө макамдын аркасында ОшМУ 2025-жылы эмнелерди жасады? Тизмектедик.

## QS RANKINGS ASIA 2026

2025-жыл Ош мамлекеттик университети үчүн ийгиликтүү жыл болду. QS Rankings Asia 2026 рейтингине кирген 1526 окуу жайдын ичинде 316, Борбор Азияда 74 университеттин ичинде 22-позицияны ээледи.

Өзгөчө макамга ээ болгон университет билимди, илимди жана өндүрүштү бириктирип, дуалдык окутууну күчөттү. Өз алдынча стандарт түзүү, академиялык жана финансылык автономия ОшМУнун туруктуу өнүгүү модели 2023–2026 жылдарда ишке ийгиликтүү ашууда.

Эл аралык өнөктөштөр менен кош диплом программалары кеңейди. QSтин туруктуулук боюнча рейтингине 2022 университет кирип, ОшМУ курчап турган чөйрө жана коомго тийгизген таасири үчүн 1251, башкаруу боюнча 1107-позицияны ээледи. Жалпы жыйынтыгында ТОП-1500гө кирди.

Буга чейин QS Stars изилдөөсүнүн жыйынтыгында 4 жылдызга ээ болгон.

ОшМУнун негизги артыкчылыгы – илимий долбоорлорду коммерциялаштырып, инновацияга инвестиция кылганы. Окуу жайыбыз дүйнөлүк рейтингге ишенимдүү кадам таштаган, Кыргызстанды дүйнөгө таанытткан университет катары бааланды.

## ЖОЖ-ИЛИМ-ӨНДҮРҮШ-КОММЕРЦИАЛИЗАЦИЯ

Окуу жай учурда ЖОЖ-ИЛИМ-ӨНДҮРҮШ-КОММЕРЦИАЛИЗАЦИЯ коллаборациясын ийгиликтүү ишке койду. Санай турган болсок, IRCAPS илимий борбору ачылды. Анда абанын булганышы, анын ден соолукка тийгизген таасири изилденет. Ал үчүн үйдүн ичи-сыртында өлчөгүчтөр орнотулат. Борборго Токиодон окумуштуулар келип, ОшМУ адистери менен бирге изилдөө жүргүзөт.

Дагы бири, жаңы курулуп жаткан Медициналык клиниканын алдында онкологиялык ооруларды эрте аныктоо борбору иштеп баштайт. Бул жерде студенттер жана медкызматкерлер үчүн онкология, радиология, медициналык информатика боюнча жаңы программалар ачылат. Заманбап технологиялар – жасалма интеллект, биоинформатика колдонулуп, маалымат базалары жана аналитикалык системалар түзүлөт.

Илимий изилдөөлөрдү жүргүзө турган «Спутниктен талдоо жана аралыктан зонддоо» борбору, «Борбор Азия критикалык минералдар инновациялык борбору» жана «Тоо экосистемаларын сактоо жана жашыл инновациялар» консалтинг борбору түзүлүп, учурда активдүү иштеп жатат.

## ИЛИМ

Кыргызстандагы илимий лидерлердин 10%дан көбү ОшМУда иштейт. Бул тууралуу билет белеңиз? Азыр аны сандар менен айтып берели.

Ош мамлекеттик университети илимий даражалуу окутуучулардын саны боюнча өлкөнүн алдыңкы окуу жайларынын катарында турат. 2025-жылы 5 доктордук жана 39 кандидаттык диссертация корголду. Муну менен илимдин кандитаттарынын (+PhD) жана докторлордун саны 600гө жетти.

Быйыл 351 илимпоздун макаласы Scopus базасында индекстелген илимий басылмаларга жарыяланды. 2021-жылдан 2025-жылга чейин алты эсеге өсүп, учурда 857 макалага жетти.

ОшМУнун окумуштуулары Кыргызстанда илимий макалалардын саны боюнча 4-орунда турат. Алардын эмгектери дүйнөлүк алдыңкы абройлуу Q1, Q2, Q3 басылмаларында жарык көргөн. «Ош мамлекеттик университетинин Жарчысы» журналынын импакт-факторы өсүп, илимий жетишкендиктер дүйнөлүк деңгээлге көтөрүлүүдө.

Университет илимий изилдөөлөрдү социалдык-экономикалык көйгөйлөрдү чечүүгө багыттап, акыркы беш жылда ички гранттарга 51 млн сомдук долбоорлор ишке ашырылды. 2025–2026-окуу жылында университеттик деңгээлде – 30, улуттук – 3, эл аралык – 8 инновациялык долбоор ишке ашты. ОшМУ 4.0 моделине ылайык өндүрүш жана илимий долбоорлорду интеграциялап, 8 келишим түздү.

## МЕДИЦИНА

Бөйрөк алмаштыруу, жүрөккө стент коюу, тубаса кемтикти жабуу. Булардын баары ушул жылы университетибиздин медклиникасында жасалган уникалдуу операция болуп калды.

2025-жылы клиникада трансплантациядагы чоң жаңылык болду. Тажрыйбалуу дарыгерлерибиз орусиялык кесиптештери менен бирге эки ирет бөйрөк алмаштырды. Боор трансплантациясына да уруксат алынып, жакында ийгиликтүү ишке ашты.

Быйыл биринчи жолу жүрөккө



кардиостимулятор орнотулду. Бүгүнкү күндө 82 бейтап эндоваскулярдык метод менен операция болду. 6 000ге бейтап амбулатордук жардам алган. 6 685 кызматкер жана студент санитардык китепчелерин толтурган. 1 800 студент профилактикалык кароодон өткөн. Терапия бөлүмүндө 2 000ден ашуун бейтап дарыланса, реанимацияда 105 оор абалдагы бейтапка жардам берилди. Хирургияда 110 операция, анын ичинде 20 жүрөк-тамыр тигүү операциясы жасалды.

«Ден соолук кербени» долбоору менен ай сайын клиника дарыгерлери 1000ге жакын айыл тургундарын акысыз медициналык кароодон өткөрүп турду.

Президенттин жарлыгы менен ОшМУда жаңы 7 кабаттуу клиника курулуп бүтүп калды. Курулуш иштери толугу менен 2026-жылы аяктайт. Кампустун аянты 2 гектарды түзөт. Мында 9 багыт боюнча бөлүмдөр курулууда. 6 илимий-изилдөө жана реабилитациялык борборлор да бар. Клиника ишке кирсе четке чыгып жаткан дарыгерлердин агымы токтойт.

ОшМУ – түштүк аймактагы эксперименталдык, илимий жана клиникалык медицинанын жаңы борборуна айланууда.

## КОШ ДИПЛОМ

2025-жылы окуу жайыбыз кош дипломдуу программаларды ийгиликтүү өнүктүрдү. Учурда Орусия, Казакстан жана Кытайдын университеттери менен 22 адистик боюнча активдүү иштеп жатат.

Бүгүнкү күндө ОшМУда 20дан ашык кош дипломдук программа бар. Ал аркылуу 100дөн ашуун студент билим алууда. Анда студенттер эки жыл биздин университетте, эки жыл өнөктөш окуу жайда билим алып, бир учурда эки диплом алышат. Аталган программа 2018-жылдан бери кеңири масштабга чыкты.

Азыркы учурда окуу процессин интернационалдаштыруунун натыйжасында

Жаштык бул - ЖИГЕР!
НУР
Студенттердин коомдук-маданий гезити • @oshsu.kg • www.oshsu.kg

университетибизде алыскы жана жакынкы өлкөлөрдөн келген 10 миңден ашуун жаштар билим алышат.

Орусия, Казакстан жана Кытайдын алдыңкы университеттери менен 32 адистик боюнча келишим түзүлүп, алардын ичинен 22 адистик активдүү иштеп жатат. Биздин 12 магистрант Белгород, Томск жана Орусия элдердин достугу университетинде билим алып, эки дипломго ээ болду. 2024–2025-окуу жылында ОшМУга АКШ, Түркия, Индия, Пакистан, Корея, Жапония, Кытай жана башка өлкөлөрдөн 41 окутуучу келип, эмгектенүүдө.

## БИЗНЕС ПАРК

ОшМУда студенттик стартаптардын өсүү аянтчасы болгон «Бизнес парк» иш алып барат. 2025-жылы бул жерде 21 стартап команда колдоого алынды. G-Face жана ZN Inclusive долбоорлору 851 миң сом грант утуп алды. Жыл ичинде 602 студент тренингдерден өтсө, 51 стартап ийгиликтүү иштеп жатат. 89 адам туруктуу жумуш менен камсыз болду.

Ал эми 2025-жылы жаңыдан ачылган 14 стартап өз ишин баштады. Алар ар түрдүү булактардан инвестиция, грант, сыйлык түрүндө 3 млн 265 миң 950 сом инвестиция жана грант алып, 23 жаңы жумуш ордун түздү.

Бүгүнкү күндө Бизнес парк тарткан инвестициянын жалпы көлөмү 16,5 миллион сомдон ашты.

## ЭЛ АРАЛЫК БАЙЛАНЫШ

2025-жылы университетибиз эл аралык байланыштарын дагы да кеңейтти. 2024/2025 окуу жылында 523 чет өлкөлүк студент жана окутуучу бизден билим алып кетти. Ал эми соңку беш жылда бул корсоткуч 1124 тузду.

Ошол эле учурда биздин 1000ден ашуун студентибиз 30 мамлекеттин 300дөн ашык алдыңкы окуу жайларына эки тараптык келишимдердин негизинде академиялык мобилдүүлүк менен барып келди.

Окуу жай кыргыз тилин жана маданиятын жайылтуу боюнча да чоң кадам таштады. Казакстандагы Евразия улуттук университети менен Ташкент мамлекеттик өзбек тили жана адабияты университетинде биздин маданий-билим берүү борборлорубуз ачылды. Ошол эле учурда бизде казак жана өзбек тилдери борборлору, Москва мамлекеттик университетинин «Ломоносов» борбору активдүү иш алып барууда.

Буга чейин мүчө болуп келген Шанхай кызматташтык уюмунун (ШКУ) университтеринин ректоратынын статусу быйыл расмий түрдө Ош мамлекеттик университетине өткөрүлүп берилди.

Дагы бир жаңылык – окуу жайыбызга Евразиялык тармактык университеттин Координациялык кеңешинин төрагалыгы да ыйгарылды. Эми 2026-жылы аталган эл аралык уюмдарга ОшМУ төрагалык кылат. Бул – эл аралык уюмдардын университетибизге болгон ишениминин бекемделип жаткандыгынын айкын далили.

Демек, 2025 ОшМУнун глобалдык өнөктөштүктөрү бекемделген, маданий байланыштары кеңейген, эл аралык аренадан татыктуу орун алган жыл болду.

## СПОРТ

2025-жыл окуу жайдын спорт тармагы үчүн да ийгиликтер жылы болду. Эл аралык аренадан баштасак. Мисалы, Болгарияда өткөн грек-рим күрөшү боюнча U-20 дүйнө чемпионатында ОшМУнун студенти Жантөрө Мирзалиев алтын медаль утуп, Кыргызстандын тарыхында алтынчы дүйнө чемпиону болду.

Эркин күрөш боюнча студентибиз Өскөнбай Абдисаматов Champions Cup 2025 мелдешинде күмүш медалга ээ болду. Мындан тышкары ОшМУнун студенттери Дүйнө жана Азия чемпионаттарында, эл аралык мелдештерде жеңишке жетүүдө.

Ал эми футболдо: «ОшМУ» футбол клубу Кыргыз Премьер-Лигасында 6-орунду ээледи. Клубга Foton үлгүсүндөгү автобус тапшырылды. Кара-Суууда реконструкцияланган «Манас» стадиону командага убактылуу пайдаланууга берилди.

«Университет – ОшМУ» волейбол командасы болсо, Жогорку лигада чемпион аталды. Кыз-келиндер командасы Улуттук лигада экинчи орунду, Волейбол федерациясынын президентинин кубогунда чемпиондукту женди.

Баса, «БК Университет ОшМУ» баскетбол клубу да өлкө чемпионатында үчүнчү орунду алды.

Кыргызстандагы жогорку окуу жайлар аралык Универсиадада ОшМУ жалпы командалык эсепте төртүнчү орунду камсыздап, спорттун он түрү боюнча байгелүү орундарды алды. Ал эми кызматкерлер арасында өткөн «Ден соолук» спартакиадасында биринчи орунду ээледи.

## СТИПЕНДИЯЛАР

Быйыл 9 студент президенттик стипендияга ээ болду. Бул Кыргызстандагы эң жогорку жана абройлуу студенттик сыйлык.

Ал эми Нобель сыйлыгы аталган «Атуулдук стипендия» 10 студентке ыйгарылды. Алар бир жыл бою айына 12 миң сомдон алышат. 2024–2025-окуу жылында AVN программасынын жыйынтыгында "ОшМУнун TOP–20 студенти" аныкталып, ар бирине 10 миң сом жана баалуу белектер тапшырылды.

Бул жылдагы өзгөчө жаңылык Каныбек Исаков атындагы стипендиянын биринчи жолу ыйгарылышы болду. 10 студент 10 миң сомдон бир жолку сыйлык алды.

Олимпиада жана сынактарда да студенттерибиз алдыга чыкты. 2025-жылы XII аймактык олимпиадага 100дөй студент катышып, анын тең жарымы жеңүүчү болду.

Мындан тышкары 1-курска кабыл алынган студенттер медициналык клиникадан толугу менен акысыз кароодон өтүштү. Бул – окуу жайыбыздын аларга болгон камкордугу жана жыл сайын кеңейген мүмкүнчүлүктөрдүн бири.

## САНАРИПТИК ПЛАТФОРМАЛАР

Окуу жай 2024–2029-жылдарга арналган маалыматтык-билим берүүсүн санариптештирүү боюнча чоң жол картасын иштеп чыгып, ишке киргизди.

Ушул жол картанын негизинде MyEDU автоматташтырылган окуу платформасы толук иштеп, студенттер жеке билим алуу траекториясын түзө алган алдыңкы системага айланды.

Мындан сырткары mooc.oshsu.kg санариптик билим берүү порталы иштеп жатат. Мында бакалавриат жана магистратура студенттери үчүн онлайн окуу ресурстары толук жеткиликтүү болду. Аралыктан окутуунун сапатын жогорулатуу үчүн атайын видеостудия ачылып, бир жыл ичинде 300гө жакын видеосабак даярдалды.

Академиялык кызматтарды ачык жана таза жүргүзүү максатында маалым кат алуу процесси толугу менен автоматташтырылып, next.oshsu.kg платформасына өткөрүлдү. Бул– студенттер үчүн ыңгайлуу, ал эми университет үчүн коррупциялык тобокелчиликти азайткан маанилүү кадам.

## ЖАҢЫЛАНГАН ИМАРАТТАР

Окуу жайыбыз бир жылда эмне куруп, эмне жаңыртканын билгиңиз келеби? Санайбыз.

2025-жылы «Ыйман» лицейи толук оңдолуп, кайра ишке берилди. 100 орундуу балдар бакчасы модернизацияланды. Курманжан-Датка көчөсүнүн №157 дарегинде 7 кабаттуу медициналык клиника, №12 кесиптик лицейдин аймагында 2 кабаттуу практика борбору, Монуев №5 дарегиндеги ОшМУга тиешелүү жер тилкеге 9 кабаттуу жатакана учурда курулууда.

Жыл ичинде бардык окуу корпустары оңдоп-түзөөдөн өтүп, аудиториялар, конференциялык залдар жаңыртылды. Университеттин өзүнүн эмерек цехи жаңы мебель, шкаф, стол жана стулдарды даярдап берди.

Бүгүнкү күндө ОшМУ 32 окуу имараты, 2 медициналык клиника, 10 студенттик жана 2 мугалимдер жатаканасы, заманбап спорт комплекстери, Ак-Буура жээгиндеги Congress Resort OshSU жана Ысык-Көлдөгү пансионат менен өлкөдөгү эң ири инфраструктуралык мүмкүнчүлүктөргө ээ болгон университет.

**ОшМУнун ректору К.Г.Кожобеков**



&



# Диалогу

Балык жылы “тосомун-, деп-, кел сени.”
Андан бери өттү бир жыл мерчеми.
Өткөн убак учкан куш дейт, бул ирет,
Жылкы жылы, тосуп турам мен сени.

Жылан жылы, тосуп алсаң кубандым.
Сага да мен саламымды сунармын.
Андан дагы сурап өткүм бар сенден,
Өз жылыңда кандай эмгек кыла алдың?

Сүйүнчүңдү камдап турган колуңа,
Сүйүнүчтөн гүл жайнасын жолуңа.
Ремонт, сыйлык, жетишкендик сыяктуу
Окуу жайда өзгөрүүлөр болууда.

Сен жөнүндө жаңылыкты көп уктум.
Медклиника курулууда деп уктум.
Анан дагы ремонт болуп бүт бөлүм,
Ийгиликтүү жыл атына конупсуң.

Мактанчудай карманайын жакамды.
Бул жылдагы далай эмгек аталды,
Алгачкы боор алмаштыруу түштүктө,
Мына ушул ОшМУбузда жасалды.

Кубандым мен, иш болуптур болумдуу.
Дагы угайын басып өткөн жолуңду.
Билим, сапат Борбор Азия рейтингден,
Багындырдың сен канчанчы орунду?

Ийгиликке жайып кенен торумду.
Жарыктыкка карай буруп жолумду.
Борборунда Азиянын дүңгүрөп,
Ээлеп алдык “жыйырма экинчи” орунду.

Шашпай турчу кетүүгө сен камынып,
Соңку суроо берейин ээ дагы ук.
Ачсам деген бул дүйнөнүн эшигин,
Студенттен дагы кандай жаңылык?

Билим үчүн далай алар жарышты.
Келечекке жарык багыт салышты.
ОшМУбуздан чыккан тогуз студент,
Президенттик стипендия алышты.

Ийгилигиң угуп нечен кубандым.
А калганын дагы алдыда угармын,
Ушул жылы Жаратканым буюруп,
Мен да сендей көп ийгилик кылармын.

Жылкы жылы, эми сага жол болсун.
Ийгиликтин кылын далай толгорсуң.
Ал эми мен коштошуучу кез келди,
Сенде дагы жаңылыктар мол болсун.

**Авторлор: Эльнура Кудайбердиева, Айнара Баатырбек кызы, Айганыш Нурлан кызы**

Жаштык бул - ЖИГЕР!
НУР
Студенттердин коомдук-маданий гезити • @oshsu.kg • www.oshsu.kg

# ИЙГИЛИКТЕРДИ ЖЫЙЫНТЫКТАП, ЖАҢЫ БИЙИКТИКТЕРГЕ КАДАМ ТАШТАЙБЫЗ!

*Өтүп бара жаткан жыл Ош мамлекеттик университети үчүн ийгиликтердин, илимий ачылыштардын жана билим берүүдөгү жаңы баскычтардын жылы болду. Университетибиздин ар бир жетишкендигинин артында агай-эжекелерибиздин талыкпас эмгеги жана студенттерибиздин изденүүсү жатат. Бул майрамдык санда биз окуу жайыбыздын кадырман окутуучуларынын жана кызматкерлеринин чын дилден чыккан каалоо-тилектерин топтодук. Эмесе, устаттардын куттуктоолоруна кезек берели.*



## Абсамат Саттаров

### *ОшМУнун Кесиптик бирлик комитетинин төрагасы, биология илимдеринин кандидаты, доцент*

Ардактуу кесиптештер! Кымбаттуу студенттер жана келечек ээлери! Сиздерди кирип келе жаткан 2026-жыл – Жылкы жылы менен чын жүрөгүмдөн куттуктайм! Өтүп бара жаткан Жылан жылы Ош мамлекеттик университети үчүн өзгөчө тарыхый окуяларга, илимий жетишкендиктерге жана билим берүүдөгү жаңы бийиктиктерге бай жыл болду. Бул ийгиликтердин артында ар бир окутуучунун мээнети, ар бир кызматкердин берилгендиги жана ар бир студенттин аракети турат.

Урматтуу кесиптештер! Сиздер – университеттин тирегисиздер. Жаңы жылда сиздерге чың ден соолук, үй-бүлөлүк бакыт жана илим жолунда чыгармачылык ийгиликтерди каалайм. ОшМУнун аброюн дүйнөлүк деңгээлге көтөрүүдөгү эмгегиңиздер ар дайым бааланып, окуу жайыбызда ынтымак менен өнүгүү өкүм сүрсүн.

Кымбаттуу студенттер! Сиздер – биздин сыймыгыбыз жана келечегибизсиздер. Деңиз тамчыдан куралгандай эле, сиздердин бүгүнкү кичинекей ийгилигиңиздер эртеңки чоң жеңиштердин пайдубалы болуп саналат. Жаңы жылда окууларыңызга ийгилик, сынактарда бийик көрсөткүчтөрдү жана коомдук иштерде жигердүүлүктү каалайм. Ар дайым изденүүдөн талбагыла!

Жаңы 2026-жылда ар бир үйдө кут-береке, тынчтык болсун. Окуу жайыбызда инновациялык жаңылануулар жана ири жетишкендиктер көп болсун. Элибизде аманчылык, өлкөбүздө өнүгүү болсун! Кирип келген жаңы жыл жаңылануунун, бийиктиктерди багындыруунун жана зор үмүттөрдүн жылы болсун! Жаңы жылыңыздар менен!

## Нурмамат Турганбаев

### *Кыргыз тил илими кафедрасынын доценти, ф.и.к.*



Урматтуу Ош мамлекеттик университетинин ардактуу жамааты! Босогобузду аттап кирип келе жаткан ушул кубанычтуу Жаңы жылыңыздар менен сиздерди чын жүрөктөн куттуктаймын! Өтүп бара жаткан жыл ар бириңиздер үчүн эмгекке, изденүүгө, жетишкендиктерге бай болду деп ишенемин.

Жаңы жыл сиздерге чың ден соолук, үй-бүлөлүк бакубатчылык, тынчтык жана ынтымак алып келсин. Илим-билим жолундагы талыкпаган эмгегиңиздер ар дайым жемишин берип, университетибиздин аброю мындан ары да өсө берсин. Ар бир күн жаңы үмүттөргө, ийгиликтерге жана жаркын максаттарга жол ачсын.

ОшМУнун өнүгүүсүнө салым кошуп келе жаткан ар бир окутуучуга, кызматкерге жана студентке терең ыраазычылык билдирип, алдыдагы жылда дагы биргеликте чоң ийгиликтерди багындырабыз деген ишенимдемин.

Кымбаттуу ОшМУнун студенттери! Сиздерди да кирип келе жаткан Жаңы жылыңар менен чын жүрөктөн куттуктаймын! Жаңы жыл сиздерге бекем ден соолук, ийгиликтүү окуу, максаттарыңыздарга жетүүгө күч-кубат жана шыктануу алып келсин. Ар бир сынак – тажрыйбага, ар бир жетишкендик – жаңы мүмкүнчүлүккө жол ачсын.

Билим жолунда таймайбай изденип, кыялдарыңыздарды ишке ашыра бериңиздер! Жаңы жылыңыздар кут болсун!

Жаңы (жылкы) жылда Жараткан жамаатыбызга жамандыктарды жолотпой, жалаң жакшылыктарды жылоолоп, жаратмандардын жүзүн жаркыратсын!



## Гүлмира Шамшиева

### *МФТИТ институту, КМИГД кафедрасы, улук окутуучу*

Жаңылануу – өнүгүүнүн, өсүүнүн жана алдыга умтулуунун белгиси. Бүгүнкү күндө Ош мамлекеттик университети жаңы баскычка көтөрүлүп, билим берүүнүн заманбап талаптарына жооп берген ири илим-билим ордосуна айланып отурат. Бул жаңылануу – мугалимдердин талыкпаган эмгегинин, студенттердин тынымсыз изденүүсүнүн жана университет жетекчилигинин көрөгөч саясатынын жыйынтыгы.

ОшМУнун ар бир жаңылыгы өлкөбүздүн келечегине кошулган чоң салым деп билебиз. Заманбап аудиториялар, жаңы лабораториялар, санариптик билим берүү системалары – мунун баары сапаттуу билим алууга кеңири жол ачууда. Университеттин дубалында алган билим менен миңдеген жаштар мекенибиздин өнүгүүсүнө кызмат кылып, дүйнөнүн ар кайсы бурчтарында ийгилик жаратып келишүүдө.

Ушул кубанычтуу жаңылануу менен ОшМУнун жалпы жамаатын чын жүрөктөн куттуктайбыз! Алдыда дагы чоң жетишкендиктер, илимий ачылыштар, эл аралык деңгээлдеги ийгиликтер коштосун. Университетибиз ар дайым билимдин, тарбиянын жана улуттук баалуулуктардын очогу болуп кала берсин. Жаңылыктарың кут болсун, улуу ОшМУ!



## Сейил Эргешова

### *Журналистика кафедрасынын доценти*

Урматтуу Ош мамлекеттик университетинин жалпы жамааты! Сиздерди келе жаткан Жаңы жыл майрамыңыздар менен чын дилимден куттуктайм!

Ош мамлекеттик университети - билим нурун коомго чачкан, акыл менен адепти айкалыштырган улуу ордо. ОшМУ — бул жөн гана билим берүү мекемеси эмес, бул муундарды тарбиялаган, улуттук аң-сезимди жана заманбап илимий көз карашты айкалыштырган интеллектуалдык мейкиндик. Бул ийгиликтер — жамааттын бirimдигинин, эмгегинин жана келечекке болгон ишениминин жыйынтыгы.

Өтүп бара жаткан жыл Ош мамлекеттик университети үчүн изденүү, жаңылануу жана академиялык өсүүнүн жылы болду. Илим менен билимди айкалыштырган аракеттер, окутуунун сапатын жогорулатууга багытталган демилгелер, эл аралык кызматташуунун кеңейиши жана студенттердин илимий-чыгармачылык ийгиликтери университеттин аброюн дагы да бекемдеди.

**О**рошон ой-тилек, илим-билим, улуттук нарк уюган куттуу ордо;
**Ш**ыктандырган мугалим, шыктанган шакирттерди таптаган улуу мектеп;
**М**угалимдик бийик миссия, максаттуу муунду өстүргөн билим очогу;
**У**луу максатка багыттап, билим жолунда сыналган, сынбаган улуттун улуу байлыгы!

Жаңы жыл ар бириңиздерге чың ден соолук, тынчтык, чыгармачылык дем, илимий жаңылыктарды жана кесиптик ийгиликтерди алып келсин! Ош мамлекеттик университети үчүн келе жаткан жыл дагы да бийик максаттардын, жаркын жеңиштердин жана улуттук сыймыктын жылы болсун!

Жаңырган Жаңы жыл — жаңы үмүттүн, жаңы демдин жана жаңы бийиктиктердин башаты болсун! Жаңы жылыңыздар менен!

## Кундузбек Адапбаев

### *ЭАББПЖМнын ЕАИ бөлүмүнүн улук окутуучусу*



Урматтуу Ош мамлекеттик университетинин кадырман профессордук-окутуучулук курамы, ак ниет кызматкерлери жана билимге суусаган ардактуу студенттери! Сиздерди кирип келе жаткан 2026-жаңы жылыңыздар менен чын дилимден куттуктайм!

Арыштап бараткан жыл университетибиздин тарыхында өчпөс из калтырган, билим берүүнүн сапатын арттырган жана илимий изденүүлөргө дем берген жемиштүү жылдардан болду. Биз өтүп бара жаткан жылды жыйынтыктап жатып, окуу жайыбыздын эл аралык рейтингдердеги ордун бекемделгенин, инфраструктурабыздын заманбап деңгээлге көтөрүлгөнүн жана чыгармачыл жаштарыбыздын албан ийгиликтерин сыймыктануу менен баса белгилейбиз.

Бул жетишкендиктердин ар бири — сиздердин талыкпас эмгегиңиздердин, кесиптик чеберчилигиңиздердин жана бир муштумдай түйүлгөн ынтымагыбыздын үзүрү. ОшМУ — жөн гана окуу жай эмес, бул чоң интеллектуалдык үй-бүлө. Сиздердин билимге болгон берилгендигиңиздер үчүн терең ыраазычылык билдирем.

Кадырлуу кесиптештер жана студенттер!

Кирип келе жаткан жаңы жыл — жаңы үмүттөрдүн, жаңы пландардын жана жаңы бийиктиктердин жылы болсун. Ош мамлекеттик университети келечекте да өлкөбүздүн гана эмес, Борбордук Азиянын алдыңкы билим жана илим ордосу катары өз ордун бекемдеп, дүйнөлүк деңгээлдеги атаандаштыкка жөндөмдүү адистерди даярдоону уланта берет деп ишенем.

Жаңы жылда сиздерге кааларым, Чың ден соолук жана узун өмүр, үй-бүлөлүк бакыт. Ар бир үйдө ынтымак, береке жана кубаныч өкүм сүрүп, жакындарыңыздар менен аман болуңуздар.

Жаңы жыл өлкөбүзгө тынчтык, элибизге токчулук, ал эми куттуу университетибизге өсүп-өнүгүү алып келсин! Сиздердин эмгегиңиздер ар дайым бааланып, окуудагы жана жумуштагы ийгиликтериңиздер арбый берсин.

Майрамыңыздар кут болсун!



## Эрлан Эндеше уулу

### *Медицина факультетинин мамлекеттик тил жана тарбия иштери боюнча декандын орун басары*

Ардактуу кесиптештер, кадырлуу профессордук-окутуучулар курамы жана сүйүктүү студенттер!

Сиздерди медицина факультетинин жамаатынын атынан кирип келе жаткан 2026-жыл менен чын дилимден куттуктайбыз!

Өтүп бара жаткан жыл медицина факультети үчүн илимий изденүүлөргө, кесиптик өсүүгө жана билим берүүдөгү олуттуу жетишкендиктерге бай жыл болду. Биздин башкы максатыбыз — заманбап медициналык билимди өнүктүрүп, эл саламаттыгына кызмат кыла турган жогорку квалификациялуу адистерди даярдоо. Бул улуу максатка жетүүдө ар бир окутуучунун талыкпаган эмгеги жана ар бир студенттин ийгилиги баа жеткис салым болуп саналат.

Кадырман агай-эжелер! Сиздер — элдин ден соолугун сактоого багытталган ыйык кесиптин чыныгы алып жүрүүчүлөрүсүздөр. Медицина илиминин пайдубалын бекемдеп, жаш муунга билимиңиздерди, тажрыйбаңыздарды жана адамгерчиликти үйрөтүп келаткан эмгегиңиздер үчүн терең ыраазычылык билдиребиз. Жаңы жылда сиздерге чың ден соолук, илимий иштериңиздерге ийгилик, талыкпаган эмгегиңиздерге зор жетишкендиктерди каалайбыз.

Сүйүктүү студенттер! Сиздер — өлкөбүздүн эртеңки дарыгерлери, элдин үмүтү жана келечегисиздер. Жаңы жыл сиздерге терең билимдин, ак халатка татыктуу кесипкөйлүктүн, асыл максаттардын жана чоң жеңиштердин жылы болсун. Алган билимиңиздер ар дайым адам өмүрүн сактоого кызмат кылсын!

2026-жыл ар бириңиздерге бекем ден соолук, ынтымак, ийгилик, кесиптик өсүү жана бакубат жашоо алып келсин!

Медицина факультетибиз мындан ары да илимдин, гуманизмдин жана жогорку кесипкөйлүктүн очогу болуп, коомго татыктуу адистерди тарбиялай берсин!

Жаштык бул - ЖИГЕР!
НУР
Студенттердин коомдук-маданий гезити • @oshsu.kg • www.oshsu.kg



## Муса Турдумамат уулу

### *ПИжЖИ тарбия иштери боюнча директордун орун басары*

Ардактуу кесиптештер, кадырлуу окутуучулар жана сүйүктүү студенттер! Сиздерди кирип келе жаткан жаңы жылыңыздар менен чын дилимден куттуктайм!

Өтүп бара жаткан жыл билим берүү айдыңында, өзгөчө педагогика, искусство жана журналистика институтунун алкагында чоң жетишкендиктердин, чыгармачылык изденүүлөрдүн жана бийик ашуулардын жылы болду. Биздин башкы максатыбыз — ОшМУну дүйнөлүк брендге айландыруу. Бул жолдо ар бир кызматкердин кесипкөйлүгү жана ар бир студенттин жеңиши окуу жайыбыздын атын дүйнөлүк деңгээлге чыгарган эң чоң инвестиция болуп саналат.

Кадырман агай-эжелер! Сиздер — улуттун интеллектуалдык фондусуздар. педагогиканын пайдубалын түптөп, искусствонун сулуулугун даңазалап, журналистиканын чындыгын коргоодо сиздердин эмгегиңиздер баа жеткис. Жаңы жылда сиздерге бекем ден соолук, чыгармачылык эргүү жана илимий иштериңиздерге ийгилик каалайм. Ар бир окуткан студентиңиздер сиздердин сыймыгыңыздарга айлансын!

Сүйүктүү студенттер! Сиздер — өлкөнүн эртеңки күнүсүздөр. Жаңы жыл сиздер үчүн жаңы билимдин, тайманбас максаттын жана жаркын жеңиштердин жылы болсун. ОшМУнун босогосунда алган билимиңиздер турмуш жолуңуздардагы эң бекем таяныч болсун.

2026-жыл ар бир үйгө тынчтык жана ынтымак, береке жана токчулук, чексиз кубаныч жана ийгилик алып келсин!

Биздин сүйүктүү окуу жайыбыз — ОшМУнун желеги ар дайым бийик желбиреп, билимдин жана маданияттын очогу катары өсө берсин!

## Аида Дурсунбаева

### *ТТДТжАТИ, ЖБД жана БОУ кафедрасынын улук окутуучусу*



Урматтуу Ош мамлекеттик университетинин профессордук-окутуучулук курамы жана студенттери! Бедели бийик болгон окуу жайыбыздын жамааты, сиздерди кирип келе жаткан жаңы жылыңыздар менен чын жүрөктүн куттуктаймын! Сиздер билим берүү тармагында жогорку сапатты камсыздап, коомдун өнүгүшүнө салым кошконтатыктуу адистердидаярдап келе жатасыздар. ОшМУ – билимдин очогу, илимдин таянычы, келечектин кепилдиги. Окуу жайыбыздын ийгиликтери — тажрыйбалуу профессордук-окутуучулук курамдын, жоопкерчиликтүү жетекчиликтин жана аракетчил студенттердин үзүрлүү эмгегинин жыйынтыгы. Алдыда да илимий-академиялык жетишкендиктер, инновациялык долбоорлор жана эл аралык кызматташуулар аркылуу аброюңуздар мындан ары да арта берсин! Окуу жайыбызга туруктуу өнүгүү, жамаатыбызга бекем ынтымак, чыгармачылык ийгилик жана зор жетишкендиктерди каалаймын!



## Сайкал Даниярова

### *ФжМАКИ англис филология кафедрасынын мугалими*

Урматтуу Ош мамлекеттик университетинин жалпы жамааты, жаңы жылыңыздар менен!

Ош мамлекеттик университети — билим менен илимдин, салт менен жаңычылдыктын айкалышкан ордосу. Бул жерде иштөө жөн гана кызмат эмес, бул — өнүгүү, изденүү жана чыныгы командада болуу мүмкүнчүлүгү.

Өтүп бара жаткан жыл ар кимибиз үчүн өзгөчө болду. Ар кандай тоскоолдуктарга карабастан баарын бир команда болуп жеңип чыктык. Ушундай кесипкөй, жоопкерчиликтүү жана бири-бирин түшүнө билген жамаат менен ОшМУда иштеп жатканыма чын дилимден кубанам. Ар бир сабак, ар бир кеңешме, ар бир идея — жалпы жыйынтыкка кошулган баалуу салым.

Келерки жылда иштерибиз жеңил, идеялар көп, студенттер активдүү болсун. Жетишкендиктер көбөйө берсин деп тилейм.

Иште береке, үйдө жылуулук, жүрөктө ишеним ар дайым коштоп турсун. Жаңы жыл баарыбызга кубаныч, ден соолук жана жакшы маанай алып келсин!

## Асел Бактияр кызы

### *Медициналык колледждин окуу бөлүмүнүн катчысы*



Ардактуу Ош мамлекеттик университетинин окутуучулары жана билимге умтулган жаштары, жалпыңыздарды жаңылануунун майрамы болгон жаңы жылыңыздар менен куттуктаймын!

Жаңы жыл — жөн гана календардын алмашуусу эмес, 2025-жылдын соңу. Өткөн жылыбызды акыл таразасына салып, жыйынтык чыгаруунун мезгили. Жетишкендиктерге сыймыктануу менен бирге, өткөн жылдын энчисинде калып, агына чыкпай калган пландарыбыздан жыйынтык чыгарчу күн. Жаңылыштыктарды табылгыс тажрыйба катары кабыл алып, жаңы жылга таза дил жана чоң ишеним менен кадам таштайлы.

Кирип келе жаткан 2026-жыл да жаңы максаттарга жана жаңы мүмкүнчүлүктөргө бай жыл болсун. Ошондой эле изденүүнүн, өсүп-өнүгүүнүн жана ийгиликтин жылы болсун. Ар бир көз ирмем — бул кайталангыс белек, андыктан жашоонун ар бир учурун баалап, көңүлдүү өткөрөлү. Бул жыл ар бир үй-бүлөгө жылуулук, ар бир жүрөккө тынчтык жана бакыт алып келсин. ОшМУда илимдин шамы өчпөй, эмгегибиздин жемишин чогуу көрөлү!

**Айганыш Нурлан кызы**

# БИЗДИН ЭЖЕКЕ

Ардактуу студенттер, биздин университеттин эң маанилүү тиреги — бул бизге билим берген, жол көрсөткөн жана шыктандырган мыкты окутуучулар. Аялдар кеңеши сиздерге өз ишине берилген, талыкпай эмгек кылган жана кесипкөйлүгү менен айырмаланган эжекелерибизди даңазалоо үчүн "БИЗДИН ЭЖЕКЕ" аттуу жаңы жана кызыктуу рубриканы тартуулайт!

Бул рубрикада ай сайын университеттин рейтинг системасы боюнча эң жогорку баллга ээ болгон, билим берүүдө мыкты көрсөткүчтөрдү жараткан алдыңкы эжекелер жөнүндө кенен жарыяланып турат. "БИЗДИН ЭЖЕКЕ" аркылуу аялдардын билим берүү тармагындагы күчүн жана таасирин даңазалап, ийгиликтүү аялдардын образын жаратууну көздөйбүз!



## Келдибекова Аида Осконовна

**Педагогика илимдеринин доктору, профессор,"Математика, информатиканы окутуунун технологиялары жана билим берүүдөгү менеджмент" кафедрасынын башчысы**

Кесиптик ишмердүүлүгүнүн адистиги математика, информатика жана эсептөө техникасы мугалими. ЖОЖду аяктап, эмгек жолун 1991-ж. Ош шаарындагы математиканы терендетилген окутуу менен ВЛКСМ атындагы мектебинде (учурда И. Раззаков атынданы жалпы билим берүү мекемеси) математика мугалими болуп баштаган. ОшМУнун математиканы окутуунун методикасы кафедрасына окутуучулук кызматына 1994 ж. кабыл алынган. ОшМУда 31 жыл эмгектенип келет, жалпы илимий-педагогикалык стажы 34 жыл.

ОшМУнун "Математиканы окутуунун методикасы" адистиги боюнча күндүзгү аспирантураны аяктап, Кыргыз билим берүү академиясынын жана И. Арабаев атындагы КМУнун Д.13.11.022 диссертациялык кеңешинде педагогика илимдеринин кандидаты (13.00.02 – окутуунун жана тарбиялоонун теориясы менен методикасы (математика) илимий даражасын алуу үчүн диссертациясын 2012 жылы коргогон. КРнын Жогорку аттестациялык комиссиясы тарабынан 2017-ж. доцент илимий наамын ыйгарылган.

Келдибекова Аида Осконовна Кыргызстандын түштүк аймагында математиканы окутуунун методикасы боюнча биринчи илимдеринин доктору, диссертациясын Ж. Баласагын атындагы КУУнун жана И. Арабаев атындагы КМУнун алдындагы Д 13.20.627 диссертациялык кеңешинде 2021 ж. ийгиликтүү коргогон.

2023-2025 жж. И. Арабаев атындагы КМУнун жана ОшМУнун алдындагы доктордук жана кандидаттык диссертацияларды коргоо боюнча Д 13.23.681, шифри: 13.00.02 – окутуунун жана тарбиялоонун теориясы менен методикасы (математика, информатика, билим берүүнү маалыматташтыруу) диссертациялык кеңештин төрагасынын орун басары болгон.

Аида Осконовна QS рейтингинин критерийлеринин негизинде академиялык чөйрөдө жана иш берүүчүлөр арасындагы ОшМУнун беделин көтөрүү үчүн иш аракеттерди аткарып келет. Акыркы 4 жылдын ичинде Казакстан, Өзбекстан, Алтай республикаларынын 5 ЖОЖдору менен эки тараптуу келишимдер түзүлгөн, жетектеген МИОТжББМ кафедрасы 2 эл аралык илимий-практикалык конференцияны уюштурган.

ОшМУнун окуу-методикалык бирикмесинин физика-математикалык жана инженердик-техникалык билим берүү багыттары боюнча тармактык профилдик комитетинин төраймы катары тиешелүү программаларынын жаңы Стандарттары иштелип, талкуудан өтүп, кабыл алынып жатат. 550200 Физика-математикалык билим берүү (математика жана информатика профили) багытынын программа жетекчиси катары студент, магистранттарга актуалдуу темалар боюнча чет өлкөлүк профессорлордун, доценттердин конок лекцияларын уюштуруп, өзү дагы И. Жансугуров атындагы Жетису университетинин магистрант, phd докторанттарына лекциялык курстарын окутат. Программанын студенттери Санкт-Петербург, Ташкент, Андижан, Фергана шаарлардын жана ата мекендик ЖОЖдоруна мобилдүүлүк программасы боюнча катышууда. Иш берүүчүлөр менен тыгыз байланышта, мектептер менен меморандумдар, келишимдер түзүлгөн. Жыл сайын мектеп мугалимдердин августук жана январдык конференцияларга кафедранын окутуучулары менен докладдарды окуп, билим берүү программаларын талуулап, жакшыртуу максатында боюнча сунуштарды киргизет. Мектеп окуучуларынын шаардык жана облустук математикалык олимпиадаларынын калыстар тобунун мүчөсү.

Илимий ишмердүүлүгү жөнүндө айтып кетсек, Аида Осконовнанын 140 эмгеги бар, анын ичинде 130 илимий-методикалык макала РИНЦ, 8 макала SCOPUS цитирлөө базаларында индекстелген, 3 монография, 8 окуу-методикалык курал, 12 мектеп окуучуларын, магистрант жана бакалаврларды даярдоо боюнча окуу программалары, 3 автордук күбөлүгү. Түрдүү деңгээлдеги: ЖОЖдор аралык, республикалык жана эл аралык Казакстан, Тажикстан, Чувашия, Орусия өлкөлөрүнүн ЖОЖдору уюштурган эл аралык илимий-методикалык конференцияларга, семинарларга магистрант, аспиранттары менен активдүү катышып келишет.

Аида Осконовна "ОшМУнун Жарчысы Педагогика. Психология" журналынын жана төрт эл аралык илимий конференцияларынын жыйнактарынын башкы редактору, "ОшМУнун Жарчысы" журналынын редакциялык кеңешинин мүчөсү, Екатеринбург ш. «Эл аралык илимий-изилдөө журналынын» жана 3 эл аралык илимий конференцияларынын жыйнактарынын рецензенти.

ОшМУнун конкурстарынын жеңүүчүсү: «ОшМУнун мыкты методисти», «ОшМУнун

*(Уландысы кийинки бетте)*

эң мыкты лектору», «Эң мыкты окуу-методикалык дисциплиналар комплекси», «Мыкты окуу программасы», «ОшМУнун мыкты монографиясы», «ОшМУнун мыкты окуу-усулдук колдонмосу», «SCOPUS макала» номинациялар боюнча I-II даражадагы дипломдору, премиялары менен сыйланган.

ОшМУнун конкурстары менен чектелбей, республикалык сынактарга катышып, сыйлыктарга ээ болгон: «КРнын жогорку окуу жайлары үчүн компетенттүүлүккө негизделген билим берүү программаларынын мыкты инновациялык окуу-методикалык комплекси» сынагынын, Кыргызпатенттин «Илимде, ойлоп табууда жана инновацияда аялдын образы» сынагынын «Илимдеги айым» номинациясында дипломдору. Андан тышкары 6 эл аралык китеп көргөзмө-презентацияларына катышкан: окуу-методикалык басылмалардын XXXVI "Улуттук илимдин алтын фонду" эл аралык сынак-көргөзмөсүнө, 31-чи Москва, Сочи эл аралык илимий басылмалар көргөзмөлөрүнүн лауреаты, XXX-III Livre Paris Париж, Liber Barcelona Барселона, Нью-Йорк, Франфурт шаарларында уюштурулган эл аралык китеп жарманкелеринин 7 дипломдору жана медалдары менен сыйланган. Келдибекова Аида Осконовна Россия Табигый илимдер академиясынын профессору жана «Илимге жана билимге эмгек сиңирген ишмери», Ата-мекендик илимди өнүктүрүүдөгү ийгиликтери үчүн В. Н. Вернадский атындагы медалы, «Татыктуу эмгеги үчүн» РТИА нин ордени менен сыйланган.

«Көп тилдүү билим берүүдөгү биримдик», «Билим берүү секторун өнүктүрүү», "ЖОЖдун жана мектептин кызматташтыгын өнүктүрүү аркылуу компетенттүү мугалимдерди даярдоо", Европа биримдиктин "DigiKonush: санариптештирүү аркылуу айыл жамааттары үчүн ачык келечекти куруу", "Кыргызстандын жаштарынын арасында сүт безинин рагын алдын алуу жана эрте диагностикалоо боюнча Польшанын тажрыйбасы" биргелешкен эл аралык RITA долбоорлоруна катышып келген. "DigiKonush" долбоорунун алкагында ОшМУнун "Санарип көндүмдөр борбору" ачылган.

Келдибекова Аида Осконовна мугалимдик квалификациясын жана чеберчилигин тынымсыз жогорулатууда, квалификацияны жогорулатуунун 20 сертификатка ээ. Билим берүүдөгү менеджмент багыты боюнча тажрыйбасы менен ОшМУнун, Өзбекстандык ЖОЖдордун окутуучулары менен квалификация жогорулатуу курсунда бөлүшөт. ОшМУнун ректорунун, Ош шаарынын билим берүү башкармалыгынын, Ош шаарынын мэриясынын, Шаардык Кеңештин, Кыргыз Республикасынын Билим берүү жана илим министрлигинин, Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн Ардак Грамоталары, «Кыргыз Республикасынын билим берүүнүн мыктысы», "Лидер жарандык демилгелер борбору" коомдук бирикмесинин ыраазычылык каты менен сыйланган.

Учурда МФТИТ институтунун Окумуштуулар кеңешинин, ОшМУнун профсоюзунун, "Кыргызстан окумуштуу аялдар коомунун", "Кыргызстан педагогдор коомунун" мүчөсү катары коомдук милдеттерди аткарып келет.

2024-2025 о.ж. ОшМУнун профессордук-окутуучулук курамынын жылдык рейтингинин жыйынтыгы боюнча 240 упай жана "Окутуучу студенттин көз карашы менен" сурамжылоосунда 194,62 упай алып, университетте алдыңкы орундарда турат.

# БУГУБАЕВА МАХАБАТ МИТАЛИПОВНА

## Медицина илимдеринин кандидаты, доцент, «Клиникалык дисциплиналар 2» кафедрасынын башчысы



Бугубаева Махабат Миталиповна 1981-жылдын 10-августунда Бишкек шаарында дарыгерлердин үй-бүлөсүндө төрөлгөн, улуту кыргыз. 2004-жылы Ош мамлекеттик университетинин медицина факультетин артыкчылык диплому менен аяктаган. Андан соң 2004–2006-жылдары эки жылдык клиникалык ординатурадан өтүп, 2006-жылы врач-терапевт адистигине ээ болгон. Кийинчерээк, 2009-жылы, педиатрия багыты боюнча кесиптик билимин кеңейтип, Ош мамлекеттик университетинин медицина факультетинин Педиатрия кафедрасына ассистент болуп кабыл алынып, педагогикалык ишмердүүлүгүн баштаган.

2015-жылы «Вертикалдык трансмиссия учурунда ВИЧ-инфекциянын клиникалык жүрүшүнүн өзгөчөлүктөрү» темасында кандидаттык диссертациясын ийгиликтүү жактап, педиатрия адистиги боюнча медицина илимдеринин кандидаты илимий даражасына ээ болгон.2019-жылдан бери «ВИЧ-инфекциясын энеден балага жугуу жолун алдын алуу жана ВИЧ-инфекция аныкталган аялдардан төрөлгөн балдардын ден соолугунун калыптанышы» темасынын алкагында медицина илимдеринин доктору даражасына арналган диссертациясынын негизинде илимий-изилдөө иштерин жүргүзүп келет. 2021-жылдан тартып НАК тарабынан «Медицина (педиатрия)» адистиги боюнча доценттик наамга ээ болгон.

Бугубаева Махабат Миталиповна 2017-жылдан бери Эл аралык медицина факультетинин «Клиникалык дисциплиналар 2» кафедрасынын башчысы жана доценти кызматын аркалап келет. Ошону менен катар, 2010-жылдан тартып саламаттык сактоо тармагында Ош облустук кан аркылуу жугуучу вирустук гепатиттер жана ВИЧке каршы күрөшүү борборунун диспансердик бөлүмүндө педиатр-инфекционист дарыгер катары үзгүлтүксүз эмгектенип келет.

Махабат Миталиповна 50дөн ашуун илимий макалалардын автору болуп саналат, алардын ичинде Scopus жана Web of Science базаларына кирген эл аралык публикациялар да бар. Ал өзүнүн кесиптик деңгээлин жогорулатуу максатында көптөгөн семинарларга жана тренингдерге катышып, тиешелүү сертификаттарга ээ болгон.Ошондой эле, эл аралык илимий конференцияларга баяндамалар менен активдүү катышып, илимий тажрыйбасын жана изилдөөлөрүнүн жыйынтыктарын үзгүлтүксүз сунуштап келет. Мындан тышкары, Ош мамлекеттик университетинин ички гранттык долбоорунун жетекчиси катары ВИЧ-инфекция аныкталган аялдардан төрөлгөн балдардын ден соолугунун калыптанышына багытталган илимий-изилдөө иштерин жүргүзүп келет.

Бугубаева Махабат Миталиповна чет элдик студенттерге билим берүүдө заманбап билим берүү технологияларын кеңири колдонуу максатында Эл аралык медицина факультетинде ДИМЕДУС — көп тармактуу университеттик виртуалдык клиниканы окуу процессине киргизип, аны колдонуу боюнча натыйжалуу окутуу ыкмаларын иштеп чыгып, практикада ийгиликтүү ишке ашырып келет. Анын түздөн-түз катышуусу менен аталган платформа окуу процессине толук интеграцияланып, бүтүрүүчүлөрдүн мамлекеттик аттестациясын өткөрүүдө да активдүү пайдаланылууда. Илимий-педагогикалык ишмердүүлүктөгү жетишкендиктери республикалык жана эл аралык деңгээлдеги конференцияларда тааныштырылып келет.


2020-2021 окуу жылынан тартып Эл аралык медицина факультетинде ишке ашырылып жаткан 560001 — «Дарылоо иши» (General Medicine) билим берүү программасын жетектөө боюнча кошумча кызматты аткарып келет.

**Гулнара Сейитказыева**

# Санариптик билим берүүдөгү инновация

Бүгүнкү санариптешүү доорунда билим берүүнүн сапатын жогорулатуу үчүн заманбап технологияларды колдонуу — мезгилдин талабы. Студенттердин кызыгуусун арттыруу жана татаал теориялык маалыматтарды жеңил өздөштүрүүгө шарт түзүү максатында окутуучулар ар кандай инновациялык ыкмаларга кайрылышууда. Мына ушундай креативдүү демилгелердин бири Жанболот агайыбыз тарабынан даярдалган “Аркан тартыш” интеллектуалдык долбоору. Агайыбыз кыргыздын улуттук оюнун кантип заманбап программалоо менен айкалыштырганын, оюнду түзүүдөгү максаты тууралуу айтып берди.






Мен, Жанболот Искендерович Калбаев, Ош мамлекеттик университетинин окутуучусумун. Кесибим боюнча веб-дизайн жана маалыматтык технологиялар чөйрөсүндө иш алып барган адисмин. Окуу процессинде заманбап санариптик инструменттерди, веб-программалоону жана интерактивдүү окутуу ыкмаларын активдүү колдонуп келем. Менин негизги ишмердүүлүгүм – билим берүүгө багытталган веб-сайттарды, окуу платформаларын жана оюн форматындагы инновациялык куралдарды иштеп чыгуу.

## Идеянын жаралышы

Жакында эле кыргыздын улуттук “Аркан тартыш” оюнун физикалык эмес, интеллектуалдык-санариптик форматта ишке ашырдым. Бул идея кокусунан эле сабак учурунда жаралды. Негизги максат – студенттердин активдүүлүгүн жогорулатуу жана кургак теориялык материалды кызыктуу формада жеткирүү болчу.

Студенттерди механикалык түрдө конспект жаздырууга мажбурлабай, тескерисинче, логикалык ой жүгүртүүсүн өстүрүүгө басым жасоо кыйла натыйжалуу деп эсептейм. “Аркан тартыш” оюну — элибизге жакын, командалык ишти жана стратегиялык ой жүгүртүүнү талап кылган оюн. Аны санариптештирүү аркылуу билим берүү процессине жаңы дем берүүгө аракет кылдым.

## Коомчулуктун пикири

Оюнду иштеп чыккандан кийин алгач өзүм сабак берген студенттерге ойнотуп көрдүм. Натыйжада аудиторияда жагымдуу атмосфера түзүлүп, студенттердин мотивациясы заматта жогорулады. Бул демилгени университеттин жетекчилиги жана кесиптештерим заманбап, креативдүү ыкма катары жогору баалашты.

Убакыт өткөн сайын бул оюнга болгон кызыгуу артып, ОшМУнун башка факультеттеринен жана колледждеринен да студенттер келип ойноп баштошту. Жаштардын позитивдүү пикирлери бул иштин туура багытта экенин дагы бир жолу тастыктады.

## Иштеп чыгуу процесси

Буга чейин да билим берүү багытында бир нече веб-долбоорлорду: тесттик системаларды, окуу сайттарын жана визуалдык материалдарды даярдаганмын. Бирок “Аркан тартыш” оюну — улуттук баалуулукту толук санарип форматка өткөргөн менин алгачкы ири тажрыйбам.

Оюндун негизги версиясын иштеп чыгууга бир нече жума убакыт кетти. Концепциядан тартып функционалдык түзүлүшүнө чейин өзүм иштеп чыктым. Айрым учурларда студенттердин сунуштарын эске алуу менен оюнду дагы да жакшыртууга мүмкүнчүлүк болду. Бул процесс мен үчүн теория менен практиканы айкалыштырган абдан пайдалуу тажрыйба болду.

## Келечекке план

Бул долбоордун келечеги кең деп ишенем. Эгерде мазмунун дагы байытып, ар түрдүү предметтерге ылайыкташтырсак, аны интерактивдүү доскаларда, семинарларда жана ачык сабактарда кеңири колдонууга болот. Коомчулуктун кызыгуусун сактап калуу үчүн оюнду дайыма жаңылап, заман талабына ылайык адаптациялап турууну пландап жатам.

Жоктон бар кылуу кыйын, бирок жакшы идея ар дайым биздин айланабызда. Алдыда дагы бийик тепкичтерди багындырып, билим берүү тармагына салым кошууну уланта берем.




**Айганыш Нурлан кызы**


Жаштык бул - ЖИГЕР!
НУР
Студенттердин коомдук-маданий гезити • @oshsu.kg • www.oshsu.kg

# Абалың кандай, 1-курс?

Дээрлик көпчүлүк студенттердин эсинен кеткис, эң кызыктуу жана ошол эле учурда түйшүктүү учуру — бул 1-курс. Бул кезде жаштар ата-энесинен алыстап, өз алдынча жашоого кадам ташташат. Аларга дал ушул учурда туура багыт жана колдоо өтө зарыл. Жаңы чөйрө, жаңы жүздөргө көнүү бир топ убакытты талап кылат. Бул чыгарылышта 1-курстун студенттеринин алгачкы таасирлери жана кызыктуу окуялары менен бөлүшөбүз.

## Айсулуу Шеркозуева

***Табият таануу, дене тарбия, туризм жана агрардык технологиялар институту***



Айылда, ата-энемдин жанында жүргөндө жашоо жеңил, эч кандай кыйынчылык жоктой сезилчү. Өз алдынча жашоого кантип аралашып кеткенимди байкабай калдым. Студент болсом эле мурдагыдай ойноп-күлүп, түйшүксүз жүрө берем го деп ойлочумун. Айылдан келип, шаардын шартына көнүү бир топ убакытты алды. Көрсө, студент болуу — түйшүктүн, аракеттин жана изденүүнүн чыныгы майданы экен. Ар бир мугалимдин талабы ар башка, тартип болсо темирдей бекем.

"Модуль" дегенди укканда эле бир нерседен кур калчудай тыпырап аракет кыла баштайбыз. Кээде балл үчүн мугалимдин үйүнө чейин барган учурларыбыз болду. Бир жолку окуя такыр эсимден кетпейт: Түнү менен уктабай СӨАИ (Студенттин өз алдынча иши) жазып, эртеси модуль тапшырып, үйгө карай абдан чарчап жөнөдүм. Автобустун эң арткы орундугуна отуруп, көзүм илинип кетиптир. Түшүмдө модулдардын баарын ийгиликтүү тапшырып, эң жогорку баллдарды алып жатыптырмын. Бир маалда бирөө колумдан түртсө ойгонуп кеттим. Көрсө, айдоочу байке: "Акыркы аялдамага келдик, түшпөйсүңбү?" — деп жатыптыр. Күлөрүмдү же ыйлаарымды билбей, кайра башка автобус менен үйгө кайттым. Ал модулдун биринчи эле күнү болчу. Түшүмдөгүдөй баары жеңил болсо кана...

## БегимайАкылбекова

***Педагогика, искусство жана журналистика институту***



Менин студенттик күндөрүм алгачкы күндөн эле кыйынчылыктар менен башталды. Тайпалаштар бири-бирибизди таанбай, адашып, жарымыбыз башка тайпанын лекциясына кирип кетиптирбиз. Айылдан келгенибиз билинип, аудиторияларды издеп көп убара болдук. Кийинчерээк бөлмө номерлери "2" менен башталса — экинчи кабат, "1" менен башталса — биринчи кабат экенин түшүндүк.

Бир мугалим эжекебиз лекцияны абдан тез айтчу. Жетишпей калып, сөздөрдү өзүмчө кыскартып жаза берчүмүн. Эки айдан кийин модуль учурунда ошол жазгандарымды кайра окусам, өзүмдүн кол жазмама өзүм түшүнбөй "апенди" болдум. Акыры тайпалаштарымдан сурап, кайра башынан көчүрүп чыккам. Мектепте окуп жүргөндө дене тарбия сабагына анча маани берчү эмесмин. Бул жакта бир саат калтырсаң, модуль учурунда кабыл албай абдан кыйнашат экен. Азыр дене тарбияны менден өтүп сүйгөн адам жок: биринчи барып катарга турам, чуркайм, көнүгүүлөрдү жасап калдым. Модулдарды аман-эсен тапшырып алсак, айылга барып жыргап уктагым келет.

## Айжана Мадаминова

***Филология жана маданият аралык коммуникация институту***



Достор, 1-курс мени абдан жоопкерчиликтүү адам кылды десем ишенбесеңиздер керек. Мүнөзүмдөн уйкучу жанмын. Апам бир нече жолу кыйкырып ойготсо да укчу эмесмин. Ошко келгенде эң чоң көйгөйүм уйку болду. Жаздыкка башым тийсе эле уктап калам. Сабакка араң туруп барып, лекцияда эң арткы партага өтүп алып уктай берчүмүн.

Бир жолу лекцияда катуу уктап калыптырмын. Агай жаныма келип сүйлөсө да сезбептирмин. Тайпалаштарым "ойготолу" десе, агай: "Жок, тийбегиле, уйкусу канганда өзү турат, болбосо суу чачып ойготкула", — деп тамашалаптыр. Аудитория ичи шаңга бөлөнүп, баары күлүшкөндө гана ойгонуп кеттим. Модуль башталганда уйкуну такыр унуттум. Кичинемде эжелеримдин "сенин ордуңда болсок, жыргап уктамакпыз" дегенин эми түшүнүп жатам. Жазуу иштери көп болгондуктан, 3-4 саат уктаган мен үчүн чоң бакыт болуп калды. Азыр болсо, тескерисинче, экзамендерди ойлоп, "үкүнүн көзүн жегендей" уйкум качып калды.

## Камила Омурзакова

***МФТИТ институту***



Салам, окурмандар жана "перваш" деген атты сыймык менен алып жүргөн 1-курстар! Билинбей эле ач калып, ток калып, кыйналып-сүйүнүп жатып 4 айды өткөрүп коюппуз. Студент болгондо гана ата-энемдин кучагы, жылуу уянын кадырын билдим. Эртең менен турсам тамагым даяр, батамды берип турган ата-энем азыр айылда. Жадагалса айылдын чаң чыккан көчөлөрүн да сагындым. Жатакананын шарты мага башында бир аз оор сезилди: чакан бөлмө, душка кезекке туруу жана саат 9дан кийин сыртка чыгууга тыюу салынат. Бул жагы бир аз "армияга" окшоп кетет.

Модуль деген нерсени башында олуттуу деле ойлогон эмесмин, бирок башыма түшкөндө күнү-түнү даярдандым. Тайпада староста болгондуктан, жоопкерчилик эки эсе көп. Ким сабакка келбей калса, менин баллым төмөндөйт, баары үчүн мен чуркайм. Айтор, студенттик доор баарын үйрөтүп жатат. Акыркы модулдарда лекция жазууга жетишпей ыйлаган күндөрүм да болду. Ошондо "ата-энем жанымда болсо, жазышып коёт эле" деп кыялданып коём. Алдыда экзамендер келе жатат, баарыңыздарга жана өзүмө ийгилик каалайм!

**Айганыш Нурлан кызы**

# СТУДЕНТТЕР КӨП КЕТИРГЕН 5 КАТА



Студенттик мезгил — адамдын дүйнө таанымы калыптанып, келечекке багыт аныкталган өзгөчө учур. Бул мезгилде алынган билим, адат жана тажрыйба кийинчерээк кесиптик жана жеке жашоого түздөн-түз таасир этет. Бирок көпчүлүк студенттер билип же билбей айрым каталарды кетирип, мүмкүнчүлүктөрдү толук пайдалана албай калышат. Төмөндө студенттер арасында эң көп кездешкен беш катага токтолобуз.

## 1. Убакытты туура пайдаланбоо

Азыркы учурда убакыт — эң баалуу ресурстардын бири. Ошого карабастан, көп студенттер убакытты пландаштырууга маани беришпейт. Сабактарды, тапшырмаларды жана жеке иштерди алдын ала бөлүштүрбөөнүн натыйжасында ишти акыркы учурга калтыруу адатка айланат. Бул болсо ашыкча стресс, чарчоо жана окуунун сапатынын төмөндөшүнө алып келет. Убакыт керексиз нерселерге коротушат. Мисалга алсак интернетте көп олтуруу (TikTok, Instagram, YouTube ж.б сайттар). Бул адат кийин иш ордунда да натыйжасыздыктарга алып келиши мүмкүн. Убакытты туура бөлүштүрбөөнүн натыйжасында көптөгөн көйгөйлөр улам-улам жарала берет. Убакыт алтындан да кымбат деп бекеринен айтылбайт.

## 2. Билимге үстүртөн мамиле кылуу

Айрым студенттер окууну жөн гана диплом алуу жолу катары көрүшөт. Алар үчүн баа биринчи орунда турат, ал эми билимдин мазмуну экинчи планда калат. Сабакка даярданууда жаттап алуу ыкмасы көп колдонулат. Бирок мындай билим бат эле унутулат. Терең түшүнүк калыптанбайт. Студент өз оюн эркин жана негиздүү айта албай калат. Бул көрүнүш практикалык иштерде да байкалат. Натыйжада бүтүрүүчү адис катары ишке даяр болбой калат. Кээ бир студенттер өзү кызыкпаган эле кесипке тапшырып алышат. Мунун себеби ата-энесинин же ЖРТ баллынын төмөндүгү болуп саналат. Натыйжада студент сабактарга кош көңүл мамиле жасап, сабактарга да келбейт. Коомдо билими жок дипломдуу адамдар көбөйөт. Бул жалпы билим сапатына терс таасир тийгизет.

## 3. Өзүнө ишенбөө

Көп студенттер өз мүмкүнчүлүгүнө шек келтиришет. Алар жаңылышуудан коркушат. Ошол себептен сабакта суроо берүүдөн жана мугалимдин суроосуна жооп берүүдөн тартынат. Коомдук иштерге катышуудан алыс болушат. Мындай пассивдүүлүк өзүн өнүктүрүүгө тоскоол болот. Көпчүлүк студенттердин өзүнө болгон ишеними төмөн болгондуктан, менин колумдан келбей калсачы, эл эмне дейт деген ойлордон улам өздөрүн чектеп коюшат. Өздөрүн башкалар менен салыштырышат, ал мага караганда жакшы билет, анын билими меникинен мыкты деген сөздөр менен өзүнө болгон баалоосун аябай төмөндөтүп жиберишет. Студенттик мезгил өзүн сынап көрүүгө эң ылайыктуу учур экени унутулат. Өзүнө ишенбеген студент жаңы мүмкүнчүлүктөрдү байкабай калат. Ал өз оюн ачык айтуудан качат. Натыйжада лидерлик сапаттар өнүкпөй калат. Бул келечектеги кесиптик өсүүгө да терс таасирин тийгизет.

## 4. Финансылык сабаттуулуктун жоктугу

Студенттердин көбү акчаны пландаштырууну билишпейт. Стипендия же берилген каражат тез эле сарпталып кетет. Керексиз чыгымдарга көп көңүл бурулат. Акчаны кайсы жакка иштетип жатканын өздөрү да билбей калышат. Натыйжада материалдык кыйынчылыктар пайда болот. Бул жагдай студентти башкаларга көз каранды кылат. Акча маселеси кошумча стресске алып келет. Финансылык жоопкерчилик өз убагында калыптанбаса, кийин да кыйынчылыктар жаралат. Карыз алуу адатка айланышы мүмкүн. Акчаны башкаруу жашоонун маанилүү жөндөмү болуп саналат. Бул көндүм студенттик мезгилде эле калыптанышы керек.

## 5. Ден соолукка кайдыгер мамиле кылуу

Көп студенттер ден соолукту баалабайт. Түнү менен интернетте отуруп же сабак окуп, уйку өз убагында болбой калат. Уйку жетишсиздиги көңүл топтоого тоскоол болот. Көптөгөн ооруларды пайда кылат. Күнүн берекесиз, чарчаңкы абалда болот. Туура эмес тамактануу организмди алсыратат. Азыркы учурда көпчүлүк жаштар тез татымдар менен көп азыктанышат. Натыйжада ашыкча салмак жана башка оорулардын пайда болуусуна



алып келет. Эрте мененки чайды көпчүлүк студенттер ичишпейт, мунун натыйжасында ашказан оорусунун пайда болушуна алып келет. Кыймылсыз жашоо чарчоону күчөтөт. Эрте менен чуркабоо, көчөлөрдө жөө баспоо, көнүгүүлөрдү жасабоонун айынан организмдин алсыз болуусу.

Психологиялык абал да көп учурда эске алынбайт. Стресс жана чарчоо топтоло берет. Бул окуудагы жетишкендиктерге түздөн-түз таасир этет. Ден соолугу начар студент өз мүмкүнчүлүгүн толук колдоно албайт. Келечекте да иштеген ишине тоскоолдук жаралат. Ден соолук — ийгиликтин негизи экенин унутпоо зарыл.

## Корутунду

Студенттик жашоодо кетирилген каталар убактылуу көрүнгөнү менен, алардын таасири узак мөөнөттүү болушу мүмкүн. Убакытты туура пайдаланбоо, билимге үстүртөн мамиле кылуу, өзүнө ишенбөө, финансылык жоопкерчиликтин жоктугу жана ден соолукка кайдыгерлик — бири-бири менен байланышкан маселелер. Бул каталар студенттин интеллектуалдык, социалдык жана кесиптик өнүгүүсүнө тоскоолдук жаратат. Ар бир студент өзүнүн бүгүнкү адаттары эртеңки жашоосун аныктай турганын аңдашы керек. Студенттик мезгил — өзүн тарбиялоого, жоопкерчиликти үйрөнүүгө жана туура багыт тандоого берилген уникалдуу мүмкүнчүлүк. Бул жылдарды жөн гана өткөрүп жибербестен, максаттуу пайдалануу зарыл. Ката кетирүү табигый көрүнүш, бирок андан сабак алуу — жетилгендиктин белгиси. Өзүн-өзү өнүктүрүүгө умтулган студент гана коомдо өз ордун таба алат. Жаштыкта калыптанган туура адаттар келечектеги ийгиликтин бекем пайдубалын түзөт. Ошондуктан ар бир студент бүгүнтөн баштап өзүнө жана келечегине жоопкерчилик менен мамиле кылуусу зарыл.

**Сарбиназ Эркинбаева**

# «АЗЫРКЫ ФИЗИКАНЫН АТАСЫ – ИСААК НЬЮТОН» АТТУУ СТУДЕНТТИК ИЛИМИЙ КОНФЕРЕНЦИЯ БОЛУП ӨТТҮ

16-декабрда Ош мамлекеттик университетинин Математика, физика, техника жана информациялык технологиялар институтунунда (МФТИТИ) Жалпы физика жана ФОУ кафедрасы тарабынан англиялык улуу физик Исаак Ньютондун туулган күнүнө карата «Азыркы физиканын атасы – Исаак Ньютон» аттуу студенттик илимий конференция өткөрүлдү.

Бул иш-чара доцент Жуманова М. М. тарабынан демилгеленген жана алгачкы жолу 2024-2025-окуу жылында 25-декабрда уюштурулган. Ал студенттердин физикага кызыгуусун жогорулатып, болочок кесибине ¬– физика мугалими болууга шыктандырган.

Конференциянын негизги максаты ¬– Ньютондун илимге кошкон зор салымын даңазалоо, студенттердин физика илиминин тарыхы жана теориялык негиздери боюнча билимдерин тереңдетүү, илимий ой жүгүртүүсүн өнүктүрүү жана аларда физика мугалиминин кесиптик билгичтиктерин колдоно билүүгө үйрөнүшү үчүн шарт түзүп, алардын физикага жана болочок кесибине кызыгуусун ойготууга түрткү берүү болду.

Конференцияга МФТИТ институтунун директору, ф.-м.и.к., доцент Б. Азимов, институттун директорунун окуу иштери боюнча орун басары, т.и.к., доцент Т. Матисаков, институттун директорунун эл аралык байланыштар боюнча орун басары Д. Пакал уулу, ошондой эле жалпы физика жана ФОУ кафедрасынын жамааты, ЭТФ кафедрасынын өкүлдөрү жана 1-4-курстардын физик студенттери катышты.

Конференциянын жүрүшүндө студенттер жана студенттер тарабынан кызыктуу физикалык тажрыйбалар көрсөтүлдү. Исаак Ньютондун өмүр жолу, илимий ачылыштары, классикалык механиканын негиздери, бүткүл дүйнөлүк тартылуу закону, оптика тармагындагы эмгектери жана анын азыркы физиканын өнүгүшүнө тийгизген таасири тууралуу жана башка презентациялар менен коштолгон баяндамалар жасалды, макеттер демонстрацияланды. Конференциянын жүрүшү активдүү талкуу жана суроо-жооптор менен коштолду. Мында катышуучулар тарабынан Ньютондун илимий мурасы бүгүнкү күндө да актуалдуулугун жоготпой, заманбап технологиялардын, инженериянын жана космостук изилдөөлөрдүн теориялык негизи катары кызмат кылып келаткандыгы, анын илимий изилдөөлөргө умтулуусу, эмгекчилдиги жана тынымсыз изденүүсү улуу окумуштуунун ийгилигинин негизги факторлору болуп саналгандыгы жана студенттерге үлгү экендигин баса белгилешти.


Бул илимий иш-чаранын аягында мыкты баяндама жасаган жана тажрыйбаларды көрсөткөн студенттерге сертификаттар тапшырылды, бардык студенттердин активдүү катышкандыгы белгиленип, ыраазычылык билдирилип жана мындай илимий иш-чаралар жаш муундун билимге болгон умтулуусун күчөтүп, келечектеги илимпоздорду тарбиялоодо маанилүү роль ойной тургандыгы айтылды.

Жалпы физика жана ФОУ кафедрасы мындан ары да студенттердин илимий потенциалын өнүктүрүүгө багытталган ушундай иш-чараларды мындан ары да мезгилдүү уюштуруп турууну максат кылууда.



















**Аятхан Курбанбаева, Данакер Зергербаева**

# ГЕНДЕРНЫЕ ОСОБЕННОСТИ ТЕЧЕНИЯ И ХИРУРГИЧЕСКОГО ЛЕЧЕНИЯ ЖЕЛЧНОКАМЕННОЙ БОЛЕЗНИ

## Введение

Желчнокаменная болезнь (ЖКБ) остаётся одним из наиболее распространённых заболеваний желчевыводящих путей, приводя к значительной заболеваемости и нагрузке на систему здравоохранения. Наблюдается устойчивая разница в частоте ЖКБ между женщинами и мужчинами, особенно в репродуктивном возрасте, что связывается с воздействием половых гормонов и репродуктивными факторами. [1].

Цель работы — собрать и проанализировать современные данные об особенностях формирования, течения и хирургического лечения ЖКБ в зависимости от пола пациента, а также оценить, какие клинические последствия имеют эти гендерные различия для практики хирурга.

## Результаты (синтез данных)

**1. Эпидемиология и факторы риска**

Большинство популяционных исследований подтверждают более высокую распространённость ЖКБ среди женщин по сравнению с мужчинами, особенно в репродуктивном возрасте; соотношение женщин к мужчинам варьирует, но устойчиво превышает 2:1 Риск у женщин связывают с беременностями, приёмом оральных контрацептивов и заместительной гормонотерапией [1], [2].

Метаболические факторы (ожирение, нарушение углеводного и липидного обмена) ассоциированы с образованием камней у обоих полов, но их значение может варьировать: у женщин более сильная связь с окружностью талии и репродуктивными факторами; у мужчин — более выраженное влияние возрастных коморбидностей. [5].

**2. Молекулярные и физиологические механизмы**

Эстрогены повышают секрецию печёночного холестерина в желчь и способствуют её насыщению холестерином — ключевому звену формирования холестериновых камней. Этот механизм объясняет повышенную частоту ЖКБ у женщин и связь с беременностью и приёмом эстрогенсодержащих препаратов. [2], [3].

**3. Клиническая картина и течение**

Клинические проявления ЖКБ (боли в правом подреберье, холецистит, холангит, панкреатит) встречаются у обоих полов; однако в ряде исследований женщины чаще оперируются по поводу симптоматических камней, а мужчины — склонны поступать с более поздними и осложнёнными формами (например, гангренозный или перфоративный холецистит), что может быть связано с запоздалым обращением и сопутствующими заболеваниями. [1], [11].

**4. Хирургические исходы и осложнения**

Данные о влиянии пола на исходы лапароскопической холецистэктомии противоречивы. Некоторые исследования сообщают отсутствие значимых различий в частоте конверсии в открытую операцию, общем времени операции и послеоперационных осложнениях между мужчинами и женщинами [12]; другие — указывают на более высокий риск осложнений у мужчин (включая большую частоту конверсии и серьёзных интраоперационных находок), а также на влияние факторов, таких как ожирение, возраст и наличие воспалительных изменений, которые часто хуже представлены у мужской когорты. [10], [16].

Интересный аспект — половое различие в результатах в зависимости от пола хирурга: анализ больших регистров показал, что операции, выполненные женщинами-хирургами, ассоциировались с меньшей частотой некоторых осложнений (в широком хирургическом контексте), что поднимает вопрос о влиянии обучающих, коммуникативных и практических аспектов на исходы. [4].

## Обсуждение

Суммируя, можно выделить несколько практических выводов:

**1. Профилактика и скрининг.**

Поскольку женщины репродуктивного возраста находятся в группе повышенного риска, при наличии сопутствующих факторов (ожирение, множественные беременности, длительная заместительная гормональная терапия (HRT)) следует учитывать более низкий порог для обследования (ультразвуковое исследование). [1], [2].

**2. Диагностика и планирование операции.**

Мужчины нередко поступают с более выраженным воспалением или осложнениями — это требует тщательной предоперационной подготовки и учета риска конверсии. Индивидуализированный подход к планированию (включая оценку метаболического статуса и сопутствующих заболеваний) может снизить осложнения. [11], [16].

**3. Исследовательские пробелы.**

Противоречивые данные о влиянии пола на хирургические исходы требуют проспективных исследований с контролем



по сопутствующим факторам (возраст, BMI, степень воспаления, опыт хирурга). Также необходимы исследования молекулярных механизмов, влияющих на различия в составе камней и ответе на симптоматическое лечение. [3], [9].

## Ограничения исследования

Данный материал — обзор литературы, а не метаанализ; выводы базируются на сравнении исследований с различной методологией, разной выборкой и критериями включения, что ограничивает возможность строгих количественных обобщений. Кроме того, географическая и этническая неоднородность выборок влияет на переносимость результатов.

## Заключение

Гендерные различия при ЖКБ касаются как эпидемиологии и патогенеза (с выраженной ролью эстрогенов у женщин), так и клинического течения и хирургических исходов. У женщин выше распространённость заболевания; у мужчин — чаще встречаются более тяжёлые воспалительные формы и возможны худшие хирургические исходы, хотя данные в литературе неоднозначны. Для улучшения качества лечения необходимы стандартизованные проспективные исследования, учитывающие гендер как фактор риска, а также внедрение персонализированных алгоритмов диагностики и хирургического менеджмента.

***Алайчиева Ширин Кангелдиевна,*** *студентка медицинского факультета Ошского государственного университета.*

***Научный руководитель:*** *Атабаев Таалайбек Кубанычбекович, старший преподаватель ОшГУ.*

Жаштык бул - ЖИГЕР! НУР
Студенттердин коомдук-маданий гезити • @oshsu.kg • www.oshsu.kg

# «Үйдө жалгыз» тасмасы тууралуу сиз билбеген кызыктар




«Үйдө жалгыз» фильми Жаңы жылдын салттуу тасмасы болуп калганын баарыбыз билебиз. Бул фильм жыл сайын ар бир үй-бүлө көрүү үчүн мыкты комедия.. Жарыкка чыкканына 30 жылдан ашса да, Кевиндин жоруктары актуалдуулугун жогото элек. Бул санда биз сизди таң калтыра турган эң кызыктуу маалыматтарды топтодук. Даамдуу кытырак жана жылуу оронгучга оронуп, жайлуу олтуруп окуңуз.

## Кастинг

Сценарий атайын Маколей Калкин үчүн жазылганына карабастан, режиссёр Крис Коламбус ишенимдүү болуш үчүн 400дөн ашык баланы сынактан өткөргөн. жыйынтыгында баары бир Калкинди тандап алышкан.

## Каардуу уурунун тиши

Ууру Гарринин ролун аткарган актёр Жо Пеши тартуу учурунда Маколей Калкинден чындап эле оолак жүргөн. Ал кичинекей бала андан чындап коркушун каалаган. Ал тургай, Кевинди эшикке асып койгон көрүнүштө Жо Пеши Маколейдин манжасын кокустан тиштеп алып, кичинекей из калтырган.

## Жасалма кино

Кевин ууруларды коркутуш үчүн колдонгон «Кир жандардын периштелери» аттуу ак-кара тасма чындыгында жок. Ал атайын «Үйдө жалгыз» үчүн гана тартылган кыскача пародия болгон.

## Баздын сүйлөшкөн кызы

Кевин агасы Баздын сүйлөшкөн кызынын сүрөтүн көрүп: «Фуу!» — деп чочуган жери эсиңиздеби? Режиссёр кайсы бир кызды шылдыңдоодон качып, ал сүрөткө парик кийген эркек баланы сүрөткө тартып коюшкан.

## Маколей Калкиндин иниси

Кевиндин төшөккө сийип койгон иниси Фуллердин ролун Маколейдин өз иниси Киран Калкин ойногон. Азыркы учурда Киран — Голливуддун эң суроо-талапка ээ актёрлорунун бири («Succession» сериалынын жылдызы).

## Гиннес рекорду

Тасма 1990-жылы эң көп кассалык жыйым топтоп, Гиннес китебине кирген. Бул рекордду ал 27 жыл бою — 2017-жылга чейин эч кимге берген эмес.

## Кевиндин кыйкырыгы

«Үйдө жалгыз» фильминде Кевин Маккалистер бетине кырынгандан кийинки лосьонду сүрткөндөн кийин кыйкырып жиберген атактуу көрүнүш бар. Таң калычтуусу, бул сценарийде жазылган эмес. Баштапкы планда каарман бетине колун коюп, дароо алып салышы керек болчу. Бирок Кевин колдорун бетинде кармап туруп кыйкырып жиберген, бул көрүнүштү дагы реалдуу кылып көрсөткөн.

## Тарантул чынбы?

Марвиндин бетиндеги тарантул жөргөмүшү — чыныгы болгон! Актёр Даниел Стерн жөргөмүштү чочутпоо үчүн үн чыгарбай кыйкырган (үнүн кийин жаздырышкан). Антпесе, жөргөмүш чагып алышы мүмкүн эле.

## Башкача аталыш

Франциядагы аталышы: Францияда фильм «Апа, мен учакка кечигип калдым» деген ат менен чыккан. Ал эми экинчи бөлүгү «Апа, мен кайрадан учакка кечигип калдым, бул жолу Нью-Йоркто жоголуп кеттим» деп аталган.Жон Кэнди жана анын 414 доллары

## Гонорар

Белгилүү комик Жон Кэнди тасмага достук иретинде келип, 23 саат бою тынымсыз иштеген. Ал башкы каармандардан алда канча аз (414 доллар) гонорар алганына карабай, тасманын эң ажарлуу образын жараткан.

## Кевиндин үйү азыр кайда?

Маккалистерлердин үйү туристтик жайга айланган. Фильмдеги ашкана, негизги тепкич жана биринчи кабаттагы коридор Чикаго жанындагы Уиннетка шаарындагы беш бөлмөлүү үйдө тартылган. Калган бөлмөлөр атайын павильондо жасалган. 2012 жылы үйдүн ээлери Джон жана Синтия Абендшиен аны 1,585 миллион долларга сатышкан.

**Ал эми сиз быйыл бул тасманы канчанчы жолу көрөсүз?**

**Эльнура Кудайбердиева**

# Кышкы кайрыктар

## КЫШ

Кылчылдайт, аппак кийгени.

-Кыш белең?-десек:

-Ии,- деди.

-Үйгө кир, даам сыз?-деди энем,

Үй муздак болчу, кирбеди.

Очоктун оозу тегерек,

Ой жатты мени тебелеп:

"От жагып койсок эмине,

Олтуруп кетпейт беле?" деп...

ШАЙЛООБЕК ДҮЙШЕЕВ

## КЫШ АЙЫ

Баардык жанга бирдей берип өкүмүн,
Бубак басып дарактардын көкүлүн.
Кычыратып теребелди кыш айы,
Кирип келди кийип калың өтүгүн.

Катуу шамал ырдап муңдуу ырымды,
Күндүн нуру жерге жетпей жыгылды.
Муздап калган асман менен сырдашып,
Морлор тартып жаткан өңдүү чылымды.

Кыйынсынып жүргөн менен бурганак,
Күн чыкканда көлчүктөрдө булганат.
Чана тээп, суукка тоңгон батектер,
Чарчап келип меш түбүндө курганат.

Жашы сымал ылдый аккан ээгимдин,
Жашып, ээрийт кар бетинде жеримдин.
Там башында мейман болгон муздардан-
Тамчы түшөт сөйкөсүндөй келиндин.

Суктандырган көркөмүнө жан үрөп,
Суукту сүйбөйм, сүйөм кышты а бирок...
Жашынгандыр тазалыктын астында,
Жаштыгымды издеп жүрөм, кар күрөп...

МЕЛИС МАМАТЖАНОВ

***

Бизде азыр кыш.
Эч бүтпөстөй,
Түгөнбөстөй, узак кыш.
Балким эми сен экөөбүз,
Көрүшпөйбүз узакпыз.

-Биздин жерлер сонун ээ?
-Сопсонун.
Жаратылыш асемине ашыкпыз.
Кашың кара, жүзүң нурлуу,
Каректериң жазыксыз.

Неге мени таштап койдуң алыска,
Эстегенде сыздап кетет жүрөгүм.
Жүргөндүрсүң үйүн күтүп,
Отун жагып бирөөнүн.

Бизде азыр кыш,
Эч бүтпөстөй
Түгөнбөстөй, узак кыш.
Сени ойлонуп үйдө бөгүп,
Олтурамын тузаксыз...
Бизде азыр кыш. Узак кыш...

КАЛЧОРО КОКУЛОВ

## КЫШ МЕНЕН КЫЗ

Мен өзгөчө кыш айында бак курам,
Жетелешсек тайгак жолду таап турам.
Себептерин эмнеге деп сурасаң,
Колтуктаган колдоруңду жактырам.

Көк муздарды күзгү кылып карансак,
Болдуң эркем ыр сыяга калам сап.
Кышты кантип жек көрөм деп айталам,
Жумшак кардын мээриминен жаралсак.

Чатырдагы муздар сага ашык да,
Алар сулуу, муздак, катуу ашыкпа.
Сүйгөн кызың эгер турса жанында,
Суuктун күнү үшүгөнүң бакыт да.

Күндүзү күн түнү болсо ай турат,
Күбө баары мен жөлөнгөн тал турат.
Кубанычым ашып турат азыр эх,
Кыш менен кыз бакыт мага тартуулап.

ДҮЙШӨНБЕК БЕКТЕМИР УУЛУ

"Нур" ОшМУнун студенттеринин коомдук-маданий гезитинин журналдык тиркемеси

**Башкы редактору:**
САМАТУЛЛА МАМАТКАРЫ УУЛУ

**Редактордун орун басары:**
Айганыш Нурлан кызы

**Редакциялык кеңеш:**
А. Айтманбетов
М. Ниязалиев
З. Нуралиева
М. Маматжанов
Д. Бектемир уулу
Ж. Орозматова

**Редакциялык топ:**
Эльнура Кудайбердиева
Сарбиназ Эркинбаева
Таттыбүбү Гуламова
Алина Абдикеримова
Гүлзар Максытали кызы
Айжан Досатова
**Фото кабарчы:**
Р. Максутов

Кол жазмалар, фото-сүрөттөр кайра кайтарылбайт жана кат жүзүндө жооп берилбейт. Жарыяланган материалдар редакциянын толук көз карашын билдирбейт. Макалалардагы фактылар үчүн авторлор өздөрү жооптуу. Гезит редакциянын компьютер борборунда терилип, даярдалды. Кыргыз Республикасынын Юстиция министрлигинен каттоодон өткөн күбөлүктүн №106

**Банктагы реквизиттер:**
ИНН 00207199610017
р-с. 703802401
«РСК-Банк» Ош филиалы
Ош шаары БИК 129039
**Редакциянын дареги:**
Ош шаары, В.Ленин көчөсү 331, ОшМУнун башкы имараты, 219-каана.
Тел.: +996 707 647 902